***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-декабрь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

**Баткен-2024**

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Абдиева Ш.К.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2023-жылдын январь-декабрь айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2024-жылдын 15-январы.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………….** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор………………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор………………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы…………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым………………………………………………….. | 7 |
| | Транспорт жана байланыш………………………………………….. | 7 |
| | Тейлөө рыногу……………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу……………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 8 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **IV** | **Мамлекеттик сектор…...………………………………………………** | 12 |
| | Финансы………………………………………………………………. | 12 |
| **V** | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 13 |
| | Калктын оорулары.......................................................................... | 13 |
| | Укук бузуулар.................................................................................. | 13 |
| | **Тиркеме…………………………………………………………………** | 14 |

## ОБЛУСТУН 2023-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ДЕКАБРЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2023-жылдын январь-декабрь айларында 5689977,7 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 120,8 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2023-жылдын январь-декабрь айларында 27410,6 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 96,9 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында 5904954,8 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 177,3 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-декабрь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 117325,0 чарчы метр болгон 984 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-декабрь айларынын денгээлине салыштырмалуу 160,6 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 2501406,3 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында 1247,8 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь-декабрь айларына салыштырмалуу 102,3 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 178954,1 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 103,0 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-декабрь айларында 29354991,2 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-декабрь айынын денгээлинен 11,1 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2023-жылдын январь-декабрь айларында 25228822,7 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2022-жылдын январь-декабрь айларынын деңгээлинен 6,1 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-декабрь айларында 4126168,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,7 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-декабрь айларын 2022-жылдын январь-декабрь айларына салыштырганда 111,3 пайызды, ал эми ушул жылдын декабрь айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 108,6 пайызды түздү.

Облус боюнча 2023-жылдын ноябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 25541,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 1,0 пайызга төмөндөгөн. Ал эми 2023-жылдын январь-ноябрь айларында бир айлык орточо эмгек акы 26053,6 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 25,4 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-декабрь айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, бактериалуу минингит, ичегинин өткүр инфекциясы, вирустуу гепатит А түрү, жаныбарлардын тиштеп алуусу, бруцеллез, сифилис жана кургак учук оорууларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми бактериялуу дизентерия, эпидемиялык паротит, эхинококкоз, аскаридоз, гонорея, котур, респиративдүү оорууларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

Калктын негизги социалдык-демографиялык топторунун жашоо минимуму 2023-жылга облустун бардык калкы үчүн 7516,22 сомду түздү, ал эми эмгекке жөндөмдүү курактагы калк үчүн 8325,21 сомду, пенсия курагындагы калк үчүн 6620,56 сомду, балдарга 6521,64 сомду түздү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2023ж. январь-декабрь айларында | 2023ж. декабрь айы 2022ж. декабрь айына карата пайыз менен | 2023-жылдын январь-декабрь айлары 2022-жылдын январь-декабрь айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 5689977,7 | 139,0 | 120,8 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 27410,6 | 103,9 | 96,9 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 5904954,8 | 197,4 | 177,3 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 117325,0 | 121,4 | 160,6 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 1247,8 | 100,8 | 102,3 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 178954,1 | 105,0 | 103,0 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 29354991,2 | 118,9 | 111,1 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 25228822,7 | 118,7 | 106,1 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 4126168,5 | 122,8 | 107,7 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 26053,6[1)] | 99,0[2)] | 125,4[3)] |
| Минималдуу керектөө бюджети (орточо эсеп менен калктын киши башына) 2023-жылга, сом менен. | 7516,22 | - | 107,1 |

[1)] 2023ж. январь-ноябрь
[2)] 2023ж. ноябрь
[3)] 2023ж. январь-ноябрь

## III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

Баткен облусунда ээлик кылуучу субьектилердин саны 2024-жылдын 1-январына карата 82038 бирдикти түздү, анын ичинен 6,8 пайызы юридикалык жактар, 40,3 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 52,9 пайызы жеке ишкерлер.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| **Баткен областы** | **82038** | **100** | **5598** | **100** |
| Баткен району | 11737 | 14,3 | 678 | 12,1 |
| Лейлек району | 32990 | 40,2 | 1305 | 23,3 |
| Кадамжай району | 16285 | 19,9 | 1672 | 29,9 |
| Баткен шаары | 6759 | 8,2 | 810 | 14,5 |
| Кызыл-Кыя шаары | 11253 | 13,7 | 776 | 13,8 |
| Сүлүктү шаары | 3014 | 3,7 | 357 | 6,4 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2024-жылдын 1-январына карата 5598 субъектини түзүп, 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 10,4 пайызга өстү.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 14,0 пайызы мамлекеттик, 6,6 пайызы муниципиалдык, 79,4 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2024-жылдын 1-январына карата жеке ишкерлердин саны 43450 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,0 пайызга төмөндөгөн, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 32082 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,6 жана 0,8 пайызга өстү.

**Өнөр жайы.** Облус боюнча 2023-жылдын январь-декабрь айларында 5689977,7 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 120,8 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 2252843,9 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 39,6 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 2311430,0 миң сомду же 40,6 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 985197,2 миң сомду же 17,3 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 140506,6 миң сомду же 2,5 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-декабрь айларында 2311430,0 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 122,6 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында 954462,3 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-декабрь айларына салыштырмалуу 124,7 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Лейлек району 11218,0 тоннага, Кадамжай району 180983,3 тоннага көп казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 2252843,9 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 118,9 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 937315,1 миң сомду (көлөмдүн 41,6 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 404654,1 миң сомду (көлөмдүн 17,9 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 33331,4 миң сомду (көлөмдүн 1,5 пайызын), химия өндүрүшү 279,0 миң сомду (көлөмдүн 0,1 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 495977,7 миң сомду (көлөмдүн 22,0 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 230561,4 миң сомду (10,2 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 150725,2 миң сомду (6,7 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында өткөн жылдын январь-декабрь айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 114,0 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 11,4 пайызга, жаны бышкан нан 3,0 пайызга, тазартылган күрүч 3,0 пайызга, кондитердик азыктар 17,4 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 6,6 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 19,8 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 1,9 пайызга, аялдардын тигилүү кийимдери 6,8 эсеге, эт азыктары 30,2 пайызга, балмуздак пайызга 7,3 пайызга, иштетилген сүт азыктары 14,6 пайызга, таш көмүр өндүрүү 24,7 пайызга, бышырылбаган кермика кирпичи 2,4 эсеге көп өндүрүлгөн.

*2023-жылдын январь-декабрь айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 404654,1 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-декабрь айларындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 154,3 түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-декабрь айларында 230561,4 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-декабрь айларына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 107,6 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-декабрь* айларында 985197,2 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 124,9 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 140506,6 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 127,4 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***<u>Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.</u>*** 2023-жылдын январь-декабрь айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 27410,6 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 96,9 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында 29626,1 тонна эт, 101873,5 тонна сүт, 21346,6 миң даана жумуртка, 601,5 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 4,6, сүт өндүрүү 4,7, жумуртка өндүрүү 8,2, жүн өндүрүү 10,9 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүүдө Кадамжай районунда 0,3, Баткен шаарында 0,5, Кызыл-Кыя шаарында 0,4, Сүлүктү шаарында 0,2 пайызга өсүү болду. Ал эми Баткен районунда 11,7, Лейлек районунда 6,3 пайызга азайган. Сүт өндүрүү Кадамжай районунда 2,3, Баткен шаарында 0,7, Кызыл-Кыя шаарында 0,3 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 17,2, Лейлек районунда 6,4 пайызга аз өндүрүлгөн. Сүлүктү шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Кадамжай району 0,6, Баткен шаары 0,9, Сүлүктү шаары 0,2 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Баткен району 29,3, Лейлек району 12,2, Кызыл-Кыя шаары 0,1 пайызга аз өндүргөн. Жүн өндүрүү Баткен шаарында 10,5 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 17,0, Кадамжай районуда 1,6, Лейлек районуда 18,5, Кызыл-Кыя шаарында 5,3, Сүлүктү шаарында 19,8 пайызга төмөндөгөн.

Облус боюнча 2024-жылдын 1-январына карата 100161,1 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 88,1 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерин өндүрүү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Кадамжай районунда 0,7, Кызыл-Кыя шаарында 5,5 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 14,9, Лейлек районунда 26,5, Баткен шаарында 0,2 пайызга төмөндөгөн. Анын ичинен буудай 26102,3 тонна же 81,5 пайызды, арпа 12181,4 тонна же 65,5 пайызды түзгөн. Картошка 37245,2 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 102,2 пайызды, жашылча 63795,9 тонна же 95,4 пайызды, мөмө-жемиш 60581,7 тонна же 103,5 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Баткен районунда 6,0, Кадамжай районунда 1,1, Лейлек районунда 5,8, Кызыл-Кыя шаарында 0,7, Сүлүктү шаарында 0,7 пайызга өскөн. Ал эми Баткен шаарында 34,8 пайызга төмөндөгөн. Жашылча жыйноо Баткен шаарында 4,8, Кызыл-Кыя шаарында 0,7, Сүлүктү шаарында 1,3 пайызга өскөн. Ал эми Кадамжай районунда 4,9, Баткен районунда 12,3, Лейлек районунда 3,8 пайызга төмөндөгөн. Мөмө-жемиш өндүрүү Баткен районунда 5,2, Лейлек районунда 7,6, Кадамжай районунда 1,2, Сүлүктү шаарында 0,5, Баткен шаарында 4,0, Кызыл-Кыя шаарында 7,2 пайызга өскөн.

**Капиталдык салым.** 2023-жылдын январь-декабрь айларында 5904954,8 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2022-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 77,3 пайызга өстү. Капиталдык салымдар Баткен районунда 2,2 эсеге, Кадамжай районунда 21,1 пайызга, Лейлек районунда 2,6 эсеге, Баткен шаарында 3,4 пайызга, Сүлүктү шаарында 42,8 пайызга өскөн. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында 3,3 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 92,6 пайызы подряддык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**Турак жай.** 2023-жылдын январь-декабрь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 117325,0 чарчы метр болгон 984 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 160,6 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 2501406,3 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш.** 2023-жылдын январь-декабрь айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 1247,8 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-декабрь айларына салыштырмалуу 102,3 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-декабрь айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 8417,3 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 178954,1 миң жүргүнчү-км түздү (2022-жылдын январь–декабрь айларына салыштырмалуу 103,0 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2023-жылдын январь-декабрь айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

**Тейлөө рыногу.** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-декабрь айларында 29354991,2 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-декабрь айларына салыштырмалуу 11,1 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 28286515,3 миң сом болуп 13,5 пайызга өскөн.

**Керектөө рыногу**. Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды ондоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында 23730334,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 12,2 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 13070068,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,0 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 55,1 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-декабрь айларында 42050,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,3 пайызга төмөндөгөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-декабрь айларында 9483969,2 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 24,0 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-декабрь айларында 25228822,7 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 6,1 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында 4126168,5 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 7,7 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**Эмгек рыногу жана эмгек акы.** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2024-жылдын 1-январына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 18436 адамды түздү, анын ичинен 14080 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен жумушсуздук боюнча пособия алгандар жок, декабрь айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 12 адамды түздү. 2024-

жылдын 1-январына карата 63 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 293 адам туура келди.

Облус боюнча 2023-жылдын ноябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 25541.8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 1,0 пайызга төмөндөгөн, 2023-жылдын январь-ноябрь айларында бир айлык орточо эмгек акы 26053,6 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 25,4 пайызга өскөн.

Эмгек акы ноябрь айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу тоокен казуу тармагында, өнөр жайды кайра иштетүү, сууну тазалоо, курулуш, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, транспорт ишмердиги, жүктөрдү сактоо тармагы, Соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, информация жана байланыш, административдик жана көмөкчү чарба, социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү тармагы боюнча өсүү болгон. Ал эми токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык тармагында 1,0, электр энергия тармагында 30,0, финансалык ортомчулук тармагында 2,0 пайызга, маданий көңүл ачуу, дем алуу тармагында 8,0 пайызга, билим берүү тармагында 2,0, саламаттыкты сактоо тармагында 7,0 жана мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо тармагында 6,0 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2023-жылдын ноябрь айында 287,0 долларды түздү.

2023-жылдын 1-декабрына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 17743,0 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 54,2 пайызга өскөн, Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кадамжай районуна таандык.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-декабрь айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 109,5 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 98,8 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 124,5 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2023-жылдын декабрь айында өткөн жылдын ноябрь айына салыштырмалуу 99,7 пайызды түздү. Ал эми 2023 жылдын январь-декабрь айлары өткөн жылдын январь-ноябрь айларына салыштырмалуу 110,1 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-декабрь айларында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 111,3 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын декабрь айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 108,6 пайызды түздү.

Ушул жылдын декабрь айында өткөн айга салыштырмалуу жумуртка 1,0 пайызга кымбаттаган. Ал эми 1-сорт ун 3,4 пайызга, нан 1,5 пайызга, күн карама майы 5,2 пайызга төмөндөгөн. Жогорку сорт ун, койдун эти, уйдун эти, макарон азыктары жана сүт өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 99,8 | 100,0 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 102,1 | 107,9 | 100,9 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,5 | 98,9 |
| март | 100,7 | 100,0 | 100,0 | 105,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,4 | 102,9 |
| апрель | 101,7 | 100,0 | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 95,0 | 94,9 |
| май | 98,3 | 97,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,7 | 100,6 | 97,7 | 96,8 |
| июнь | 99,0 | 98,0 | 100,0 | 99,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,3 | 101,7 |
| июль | 100,0 | 99,0 | 100,0 | 99,5 | 105,1 | 100,0 | 100,0 | 103,1 | 101,0 |
| август | 99,0 | 97,7 | 106,4 | 97,8 | 100,8 | 100,0 | 100,0 | 92,5 | 99,2 |
| сентябрь | 100,7 | 99,6 | 104,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 104,9 | 97,1 |
| октябрь | 101,8 | 100,4 | 100,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 102,4 | 100,6 |
| ноябрь | 100,0 | 102,5 | 99,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,3 | 100,3 |
| декабрь | 100,0 | 96,6 | 98,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,0 | 94,8 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 2,7 пайызга, картошка 6,0 пайызга, сабиз 2,5 пайызга, алма 27,8 пайызга кымбаттаган. Ал эми грек жаңгагы 16,7 пайызга төмөндөгөн. Кургатылган өрүк өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(өткөн айга карата пайыз менен)

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 134,8 | 108,3 | 102,7 | 100,0 | 95,2 | 100,0 |
| февраль | 127,7 | 111,1 | 102,2 | 96,7 | 104,7 | 100,0 |
| март | 85,5 | 100,0 | 100,0 | 64,7 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 112,2 | 101,3 | 100,8 | 85,9 | 100,0 | 96,8 |
| май | 100,1 | 115,4 | 117,0 | 155,9 | 98,3 | 100,0 |
| июнь | 80,7 | 106,5 | 104,3 | 129,7 | 89,0 | 100,0 |
| июль | 87,4 | 98,8 | 95,3 | 60,5 | 73,9 | 100,0 |
| август | 94,8 | 95,3 | 87,9 | 84,5 | 70,1 | 96,8 |
| сентябрь | 100,0 | 100,6 | 122,3 | 92,2 | 114,3 | 100,0 |
| октябрь | 96,5 | 83,3 | 92,1 | 97,2 | 100,0 | 100,0 |
| ноябрь | 79,6 | 93,7 | 92,5 | 110,6 | 100,0 | 100,0 |
| декабрь | 102,7 | 106,0 | 102,5 | 127,8 | 100,0 | 83,3 |

Үстүбүздөгү жылдын декабрь айында өткөн ноябрь айына салыштырмалуу кийимдер 1,4 пайызга, кийим тигүү үчүн материалдар 1,2 пайызга, бут кийимдер 0,7 пайызга, катуу отун 6,0 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,1 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 1,1 пайызга кымбаттаган. Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 0,4 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 0,5 пайызга, бензин 0,7 пайызга төмөндөгөн. Ал эми суу менен камсыз кылуу (муздак суу), фармацевтикалык продукциялар, газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2023ж. декабры 2022ж. декабрына карата | 2023ж. январь-декабрь 2022ж январь-декабрына карата | 2023ж. декабры 2023ж. ноябрына на карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 107,1 | 110,3 | 101,4 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 101,7 | 109,3 | 101,2 |
| Бут кийим | 105,0 | 108,5 | 100,7 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 111,7 | 107,4 | 99,6 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 103,9 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 134,1 | 134,0 | 106,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 98,4 | 104,2 | 99,5 |
| Бензин | 97,4 | 106,2 | 99,3 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 118,0 | 111,1 | 100,1 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 106,8 | 112,0 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 104,6 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 113,0 | 111,0 | 101,1 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын декабрь айында мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү 2,5 пайызга төмөндөгөн. Калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**
(пайыз менен)

| | 2023ж. декабры 2022ж. декабрына карата | 2023ж. январь-декабры 2022ж. январь-декабрына карата | 2023ж. декабры 2023ж. ноябры-на карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 105,6 | 103,2 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 103,8 | 107,1 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 107,8 | 99,4 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 106,7 | 116,6 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 106,7 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 115,3 | 111,4 | 102,5 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 122,6 | 137,5 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-ноябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1682,9 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 118,6 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 2461,1 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 20,8 пайызга, ал эми чыгашалар 41,1 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2023-жылдын январь-ноябрь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2023-жылдын январь-ноябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 944,0 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 15,1 пайызга өскөн. Киреше жана пайда салыгы 13,4 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 22,5 пайызга, патенттин негизиндеги салык 6,2 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 17,1 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 16,6 пайызга, жер салыгы 17,7 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 84,3 пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин өскөнү байкалды. Алсак 2022-жылдын январь-ноябрь айларында жалпы кирешенин 13,3 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2023-жылдын январь-ноябрь айларында 14,8 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана процентгерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 56,0 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 29,1 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 19,5 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2023-жылдын январь-ноябрь айларында 962,6 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 41,1 пайызга өскөн. Чыгашалардын 70,0 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого, 6,7 пайызы эс алуу, маданият жана дин, билим берүү жана социалдык коргоо тармагына жана 22,4 пайызы турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө жумшалды.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Калктын ооруулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-декабрь айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 60 оорулуу катталып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 10,4 пайызга төмөндөгөн. Ал эми бактериалуу минингит оорусу менен 7 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу алты эсеге, ичегинин өткүр инфекциясы менен 3739 оорулуу катталып 7,1 пайызга өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 2284 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,6 эсеге, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 2254 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,7 эсеге өскөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 31 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,4 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөндөгөнү байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 741 учур, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,1 пайызга, бруцеллез ооруусу менен 75 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 47,1 пайызга өскөн. Ал эми, аскаридоз менен 955 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 22,3 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 16 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 36,0 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* сифилис оорусу менен 13 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,2 эсеге өскөн. Ал эми ВИЧ инфекциясы менен 28 оорулуу катталып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,4 пайызга, котур оорусу менен 64 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 55,9 пайызга, гонорея ооруусу менен ооругандар 6 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 25,0 пайызга төмөндөгөн. Педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 19762 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 16,3 пайызга төмөндөгөн. Ал эми кургак учук менен ооруган 241 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,7 пайызга өскөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2023-жылдын январь-ноябрь айларында облус боюнча 1137 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 14,4 пайызга же 191 кылмышка төмөндөгөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 8, ээнбаштык 75, уурулук 309, алдамчылык 227, бангизаттарга байланыштуу 29, кызматтык кылмыштар 49, экономика тармагында 43 кылмыш, 20 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2023-жылдын январь-ноябрь айларында 982 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 80 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 150, иштегендер 7, ишкерлер 2, кызматкерлер 1, мектеп окуучулары 49, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 16, эч жерде иштебеген жана окубагандар 666 түзөт.

**Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси: С. Ысмайылов**

| | | беги |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….........................……………........... | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...........................................………............ | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү…………………………. ……………………………… | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү……………………………………… | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..……………………….......... | 18 |
| 7 | Аймактар боюнча негизги айыл чарба эгиндеринин түшүмүн жыйноонун жүрүшү ................................. | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………….………….. | 20 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………………… | 22 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 22 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча…………………………………………………. | 22 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши................................................................................ | 23 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү…………………………………………………. | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү…………………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............……….......... | 25 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү……………………………………………………… | 26 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 26 |
| 20 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү…. | 27 |
| 21 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 27 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 22 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............ | 28 |
| 23 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда....... | 29 |
| 24 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары жыл башынан бери...................................................................................................................................................... | 29 |
| 25 | Калкты иш менен камсыз кылуу………………………………………………………………………….. | 30 |
| 26 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны............................................................................................... | 30 |
| 27 | Жаңы жумуш орундарын түзүү....................................................................................................................... | 30 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 28 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………..... | 31 |
| 29 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 30 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ………………………………........ | 32 |
| 31 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ………………………………....... | 32 |
| | Социалдык сектор | |
| 32 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………… | 33 |
| 33 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………………….. | 33 |
| 34 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………. | 34 |
| 35 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………. | 34 |

## РЕАЛДЫК СЕКТОР

## ӨНӨР ЖАЙЫ

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь- декабрь айларында**

( миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **4589468,9** | **5689977,7** | **120,8** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **1728895,7** | **2311430,0** | **122,6** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көн өндүрүү | 1220898,9 | 1782545,6 | 124,7 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 486865,6 | 398233,7 | 100 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | - | 111780,7 | 398,3 |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 21131,2 | 18870,0 | 177,6 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **1861836,7** | **2252843,9** | **118,9** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 807103,2 | 937315,1 | 114,0 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 712389,1 | 800766,3 | 109,8 |
| -тамеки өндүрүү | 2915,9 | 1855,0 | 64,5 |
| -сусуундукта өндүрүү | 91798,2 | 134693,8 | 149,6 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 266806,1 | 404654,1 | 154,3 |
| -текстил өндүрүшү | 202208,4 | 325004,8 | 91,1 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 64098,8 | 79226,5 | 4,6эсе |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 498,9 | 422,8 | 84,6 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 35327,1 | 33331,4 | 112,6 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 34444,3 | 32458,4 | 112,6 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 882,8 | 873,0 | 97,4 |
| 4. Химия өндүрүшү | 211,0 | 279,0 | 168,9 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 454727,8 | 495977,7 | 100,3 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 158438,0 | 230561,4 | 107,6 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 139223,5 | 150725,2 | 109,0 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **838639,3** | **985197,2** | **124,9** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **160097,2** | **140506,6** | **127,4** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-декабрь** (миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси: отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | Физикалык көлөмдүн индекси: отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
|---|---|---|---|---|
| **Область боюнча:** | **4589468,9** | **5689977,7** | **139,0** | **120,8** |
| Электр энергиясыз | 3750829,6 | 4704780,5 | 137,2 | 120,7 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 267087,2 | 312928,8 | 313,9 | 129,1 |
| Кадамжай | 1305277,5 | 1771716,6 | 123,4 | 121,3 |
| Лейлек | 753189,9 | 721165,8 | 100,9 | 107,2 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 994663,7 | 1163061,1 | 184,8 | 117,8 |
| Электр энергиясыз | 156024,4 | 177863,9 | 151,5 | 105,5 |
| Кызыл-Кыя | 622420,9 | 762010,1 | 112,8 | 161,3 |
| Сүлүктү | 646829,7 | 959095,3 | 131,6 | 99,4 |

Таблица 3. **Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2022 январь-декабрь | 2023 январь-декабрь | 2023ж. январь-декабрь айлары 2022ж. январь-декабрь айларына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| Таш көмүр | тонна | 765181,0 | 954462,3 | 124,7 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 21366 | 12987,6 | 60,8 |
| Бут кийим | жуп | 1249 | 1057 | 84,6 |
